Келишимдин №:/№ Договора:
(Оператор тарабынан толтурулат/Заполняется оператором)

«НУР Телеком» ЖЧК, 720040,Бишкек ш., Абдрахманов к., 170/2, бл. 2;
Башкы директор
Слепокуров Владислав Анатольевич
Банк: «Оптима Банк» ААКнын филиалы «КБТБ»
Эсептешүү эсеби: 1092220100170179
БИК: 109022

ООО «НУР Телеком», 720040, г. Бишкек, ул. Абдрахманова, 170/2, бл. 2;
Генеральный директор
Слепокуров Владислав Анатольевич
Банк: филиал ОАО «Оптима Банк» «ЦОКБ»
Расчетный счет: 1092220100170179
БИК: 109022

Маалымат сурап-билүү кызматы/Информационно-справочная служба:
707 (О! түйүнүнүн абоненттери үчүн/ для абонентов сети О!);
0705700700 (башка түйүндөрдөгү абоненттер үчүн/ для абонентов других сетей)

КРнын МБАнын лицензиялары: КР МБА №13-979, КР МБА №13-980, КР МБА №13-981, КР МБА №13-982, КР МБА №13-983, КР МБА №13-1073, КР МБА №14-1097, КР МБА №14-1124, КР МБА №15-1301, КР МБА №14-1184, КР МБА №15-1448

«НУР Телеком» ЖЧКнын байланыш кызматын көрсөтүүсү жөнүндө келишим / Договор о предоставлении услуг связи ООО «НУР Телеком»

Фамилиясы/Фамилия Аты/Имя Атасынын аты/Отчество

Инсандыкты тастыктаган документ/Документ, удостоверяющий личность

☐ Паспорт ☐ Айдоочулук күбөлүк/ Водительское удостоверение ☐ Башка/ Другое _____

Серия, № | Документти берген мекеме/Кем выдан

Берилген күнү/Дата выдачи | Жашыруун сөз/Кодовое слово

Жашыруун сөз - Кардарды тануу үчүн зарыл болгон сөз же белгилердин топтому. Кардар анын жардамы менен сурап-билүү тейлөөсүндө керектү маалыматты алат. / Кодовое слово - слово или набор символов, служащий для идентификации Абонента. С его помощью Абонент получает справочно-информационное обслуживание.

Байланыш малыматтары/Контактные данные

Түзүлгөн күнү/Дата заключения | Кардар/Абонент

201_

Колу/Подпись

Төлөмдүн системасы/Система оплаты: Аванстык / Авансовая

Тарифтик план/Тарифный план: ОҢОЙ! / ИНТЕРНЕТ+ / О!го КОТОРУЛ! / _____ Керектүүсүн сызып коюңуз/Нужное подчеркнуть

Абоненттик номер/ Абонентский номер

Эгерде башкасы тандалбаса, келишимде көрсөтүлгөн маалыматтарды сурап-билүү тейлөө системасында пайдалануу макулмун / На использование сведений в системе информационно-справочного обслуживания, указанных в Договоре, согласен, если не указано другое. ☐ Макул эмесмин / Не согласен

Эгерде башкасы тандалбаса, башка байланыш оператору тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарына кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана ошондой кызматтарды сунуштоого керек маалыматтарды берүүгө макулмун / На предоставление доступа к услугам связи, оказываемым другим оператором связи и предоставление сведений для оказания таких услуг согласен, если не указано другое. ☐ Макул эмесмин / Не согласен

Кошумча кызматтарды алуу, анын ичинде роуминг алуу тартиби менен расмий сайттан www.o.kg же 707 (О! түйүнүнүн абоненттери үчүн); 0705700700 (башка түйүндөрдөгү абоненттер үчүн) номерлери боюнча таанышууга болот. / С порядком получения дополнительных услуг, включая роуминг, можно ознакомиться на официальном сайте www.o.kg, либо по телефону 707(для абонентов сети О!); 0705700700 (для абонентов других сетей).

Келишим мөөнөтсүз. Эгер Сиз келишимдин мөөнөтүн белгилеңиз келсе, НУР Телекомдун сатуу жана тейлөө кеңселеринин бирине ылайыктуу арыз менен кайрылыңыз. / Договор бессрочный. Если Вы хотите установить срок действия Договора, обратитесь с соответствующим заявлением в любой из офисов продаж и обслуживания НУР Телеком.

Абонент «НУР Телеком» ЖЧКсынын байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишимдин бир нускасын алды. Абонент «НУР Телеком» ЖЧКсынын байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишимдин шарттарын окуп чыкты, жогоруда көрсөтүлгөн Келишимде жазылгандар менен макул болду. Тарифтик пландын шарттары менен таанышып чыкты. / Экземпляр Договора о предоставлении услуг связи ООО «НУР Телеком» Абонентом получен. Условия Договора о предоставлении услуг связи ООО «НУР Телеком» Абонентом прочитаны, с изложенным в вышеуказанном Договоре согласен. С условиями тарифного плана ознакомлен.

Келишим түзүлгөн жер/ Место заключения Договора | Оператордун атынан/ От имени оператора

Калк жашаган пункттун атын көрсөтүңүз/ Укажите название населенного пункта | Колу/Подпись

Абонентке ыңгайлуу болуш үчүн Байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим www.o.kg да жеткиликтүү. / Для удобства абонента Договор о предоставлении услуг связи также доступен на www.o.kg

I бөлүм. Жалпы жоболор.

1.1. Байланыш кызматын көрсөтүү боюнча ушул Келишим (мындан ары "Келишим") Оператор байланыш кызматтарын көрсөтүүдө Оператор менен Абоненттин ортосундагы болгон мамилени жөнгө салат. Ушул келишимдин негизги максаты болуп саналган байланыш кызматтары деп кызматтардын тийиштүү түрлөрүн көрсөтүү эрежелерине жана берилген лицензиялардын шарттарына ылайык Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү электр байланыш маалымдоолорун кабыл алуу, иштеп чыгуу, сактоо, жөнөтүү жана жеткирүү, ошондой эле кыймылдуу байланыш тармагында көрсөтүлүүчү кошумча кызматтар, телематикалык кызмат байланыштары түшүндүрүлөт.
1.2.Ушул Келишим Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана лицензияларына ылайык иштелип чыкты, ошондой эле байланыш кызматын колдонуп жаткан Абоненттин жана "Нур Телеком" ЖЧКнын (мындан ары Оператор) ортосундагы мамилени жөнгө салат.
1.3. Ушул Келишим Оператор менен Абоненттин ортосунда түзүлгөн келишимдин каттоо формасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
1.4. Байланыш кызматтары ушул Келишимдин негизинде Абонентке Оператор тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдардын негизинде корголгон жана каттоодон өткөн товардык белгилердин алдында көрсөтүлөт.
1.5. Байланыш кызматтары Кыргыз Республикасынын Улуттук байланыш агенттигинин №13-979-КР 20-февраль 2013-жылы, №13-980-КР 20-февраль 2013-жылы , №13-981-КР 20-февраль 2013 жылы , №13-982-КР 20-февраль 2013-жылы, №13-983-КР 20-февраль 2013-жылы, №13-1073-КР 12-ноябрь 2013-жылы, №14-1097-КР 29-сентябрь 2014-жылы, №14-1124-КР 03-декабрь 2014-жылы, №14-1184-КР 31-декабрь 2014-жылы, №15-1301-КР 17-марта 2015-жылы, №15-1448-КР 01-октябрь 2015-жылындагы лицензияларына ылайык көрсөтүлөт.
1.6. Байланыш кызматы Абонентке Оператор менен Абоненттин же алардын ишенимдүү өкүлүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде көрсөтүлөт. Келишимге колду Оператор тарабынан факсимилдүү жол менен коюу каражаттары аркылуу жүргүзүүгө жол берилет.

2-берене. Аныктамалар

2.1. Бул Келишимдин максаттарына төмөнкү негизги терминдер колдонулат:
2.1.1. Абонент – Оператордун байланыш кызматынан пайдаланган юридикалык же жеке жак.
2.1.2. Абоненттик номур – Келишимдин иштөө мөөнөтүндө Оператор тарабынан Абонентке пайдалануга берилген номур. Ал байланыш түйүнүнө кошулган абоненттик түзүлүш болуп эсептелинет.

2.1.3. Абоненттик төлөм – белгилүү (эсептешүү) мезгил үчүн абоненттик төлөмдүн өлчөмү. Ал байланыштын иш жүзүндө көрсөтүлгөн нагыз көлөмүнө карабастан туруктуу чоңдук болуп эсептелинет. Абоненттик төлөмдү чегерип алуу тарифтик план боюнча же атайын көрсөтүлүүчү байланыш кызматы жөнүндөгү шарттар менен аныкталат.
2.1.4. Абоненттик түзүлүш (уюлдук телефон, модем, роутер, же башка түзүлүш) - мыйзамдуу негизде Абонентте болгон техникалык каражат, ал түзүлүш Оператордун түйүнүнө туташуу аркылуу Оператордун кызматтарын пайдалануу жана эки тараптуу тыгыз байланышууга мүмкүнчүлүк берет.
2.1.5. SIM-картаны активдештирүү – SIM-картаны байланыш түйүнүнүн кызматтары менен пайдалануу абалына алып келүү.
2.1.6. Абоненттин өздүк эсебинин балансы - Абоненттин өздүк эсебинин маалыматтарынын негизинде Абонент тарабынан пайдаланылган байланыш кызматтарынын наркы менен Абонент тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдүн ортосундагы айырма катары эсептешүү жолу менен аныкталган чоңдук.
2.1.7. Биллинг тутуму (системасы) - Абонентке байланыш кызматтарын көрсөтүү жана төлөө боюнча операцияларды эсепке алуу үчүн Оператордун тастыкталган автоматташтырылган системасы.
2.1.8. Кирүүгө бөгөт коюу же кызматтарга бөгөт коюу - байланыш түйүнүнүн чегинде көрсөтүлгөн кызматтарды пайдалануу толук же жарым-жартылай чектөө.
2.1.9. Кошумча кызматтар байланыш кызматтары менен технологиялык жактан тыгыз байланышта болгон жана алардын баалуулугун арттырууга багытталган башка кызматтар, аларга LTE үлгүсүндөгү зымсыз кыймылдуу байланыштын кызматы(мындан ары "кошумча кызматтар") да кирет. Бул кошумча кызматтар Оператор же жоопкерчиликти өзүнө алган үчүнчү жактар тарабынан тейленет жана бул Келишимдин негизинде Абонент тарабынан төлөнөт. Бул Келишимдин максаттарында Кошумча кызматтар Байланыш кызматтары катары каралат. Оператор бул кызматтардын тизмесин жана бааларын Прайс-бараста же Оператордун сайтында көрсөтөт.
2.1.10. Тариф бирдиги – Абонент тандаган тарифтик план же туташтырылган кызматтардын (бириктирүүнүн узактыгы, берилген/алынган маалыматтын көлөмү, сурамдардын саны) наркын Оператор тарабынан өлчөнүлүүчү бирдик.
2.1.11. Оператордун тейлөө аймагы - Оператор лицензияга жана техникалык мүмкүнчүлүктөргө ылайык уюлдук байланыш түйүнүнүн кызматтарын көрсөткөн аймак.
2.1.12. Төлөө картасы - белгилүү бир суммага жүргүзүлгөн төлөм жөнүндө Оператордун кабарлоо каражаты, ал номиналы, серия номуру, жашыруун коду жөнүндө маалыматты камтыйт, Абонентти Оператордун алдында кыймылдуу байланыш түйүнүнүн төлөөчүсү катары демилгелеп, Абонентке чакырууну демилгелөөгө мүмкүнчүлүк берет.
2.1.13. Абоненттин өздүк эсеби – Абонентке көрсөтүлгөн кызматтарды эсепке алуу үчүн жана алардын төлөмүн көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн жана Оператордун биллингдик тутумунда каттамга алынган Абоненттин эсептик саны.
2.1.14. Минималдуу төлөм - бул Абоненттин өздүк эсебине белгиленген акча-каражат салуунун мүмкүн болгон минималдуу өлчөмүн аныктоочу сумма. Минималдуу төлөмдүн суммасы - 5 сом.
2.1.15. Роуминг боюнча эсептөө - башка операторлор тарабынан көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде Оператордун Абоненттин өздүк эсебинде жүргүзгөн роуминг кызматтар наркынын, Абоненттин Операторго төлөмүнүн чагылышы.
2.1.16. Оператор - "НУР Телеком" жоопкерчилиги чектелген коом - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана иштеген юридикалык жак (30-январь 2013-жылдын УР № 0007722 сериядагы юридикалык жактын кайра каттоо мамлекеттик кубөлүгү).
2.1.17. Оператордун расмий Прайс-барагы же Прайс-барак - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана лицензияга ылайык Оператор тарабынан белгиленген нарк менен Оператор көрсөткөн кызматтардын иреттүү тизмеси.
2.1.18. Овердрафт (Эсептешүүнүн насыялык ыкмасы) - өздүк эсеп терс баланста болгондо Абонентке кызматтарды көрсөтүү. Насыялык ыкмада кызмат көрсөтүүдө Абонент пайдаланылган кызматтын акысын Келишимге ылайык тарифтик пландын негизинде төлөп берүүгө милдеттүү.
2.1.19. Өчүрүү ирегеси - Абоненттин өздүк эсеби минималдуу деңгээлге жеткенде Оператор Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтарга бөгөт коюуга укуктуу. Өчүрүү ирегеси оң, терс же нөлгө барабар болушу мүмкүн.
2.1.20. Оператордун өкүлү - Оператордун атынан маанилүү юридикалык жана башка аракеттерди жасоого ыйгарым укуктуу тарап.
2.1.21. Эсептешүү мезгили - Оператор тарабынан Абонентке нагыз көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынын көлөмү аныкталууга тийиш болгон убакыт аралыгы.
2.1.22. Роуминг - Оператордун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жана келишим мамилелеринин негизинде ишке ашырылган жана Абоненттин келишим түзүлгөн башка Операторлордун байланыш кызматтары менен пайдалануу мүмкүнчүлүгү.
2.1.23. Байланыш түйүнү же Түйүн - Оператордун Абоненттерге байланыш кызматтарын көрсөтүүсүн камсыз кылуучу техникалык курулмалардын, жабдуулардын жана программалык камсыздоонун комплекси.
2.1.24. Бириктирүү - чакыруунун жыйынтыгында байланыш каражаттарынын ортосундагы ич ара байланышты камсыздоо, абонентке үндүү жана (же) үнсүз маалыматты берүү жана (же) кабыл алуу мүмкүнчүлүгү.
2.1.25. SIM-карта – Абоненттин байланыш түйүнүнө кирүүсүн камсыз кылуучу өздүк тастыктоо модулу.
2.1.26. Тарифтик план - Оператор Абонентке байланыштын бир же бир нече кызматтарын пайдалануну сунуштаган баа шарттарынын жыйындысы.
2.1.27. Электрондук эсеп – байланыш кызматтарын пайдалануу укугу жөнүндө Абонентке акча бирдигинде маалымат берүү үчүн Оператордун эсеп тутумуна киргизилген электрондук файл.
2.1.28. Prepaid эсептешүүнүн алдын ала тутуму (Аванс түрүндөгү төлөм) - байланыш кызматтары (айрым тарифтик пландар)үчүн Абонент тарабынан төлөм картасы/накталай төлөм (байланыш кызматтары үчүн төлөм картасынын/накталай төлөмдүн номиналына барабар акча суммасы берилген укуктардын көлөмүн Абоненттин электрондук эсебине кошуу). Алдын ала төлөмдүн минималдуу суммасы тарифтик планга жараша болот.
2.1.29. Абоненттик номурлардын категориялары – номурлардын премиалдуулугунун деңгээлине жараша бөлүнүшү ("VIP", "GOLD", "SILVER", "STANDARD" номурлары).
2.1.30. USSD-сурам – маалымдарды алмашуу технологиясы, ал Абонент менен Оператордун атайын кызматынын ортосунда чыныгы убакыт шарттамында маалымдарды алмашууну камсыз кылат.

2.1.31. Добуштук кызматтар (IVR) – бул тон аркылуу терүүнүн жардамы менен Абонент тарабынан киргизилген маалыматты пайдаланып, чалууларды маршрутизациялоо жана кызматтарды башкаруу функциясын аткарган алдын ала жаздырылган добуштук билдирүүлөр тутуму.
2.1.32. SMS-билдирүү (кыска билдирүүлөр кызматы) – Абоненттин түзүлүшүнөн кыска тексттик билдирүүлөрдү кабыл алууга жана өткөрүүгө мүмкүндүк берген технология.
2.1.33. Интернет-тейлөө – Интернет тармагында Абонентке жеткиликтүү болгон өзүн өзү тейлөө кызматтары (Жеке кабинет, Web-туташтыруу).
2.1.34. Self-care (өзүн өзү тейлөө) – кызматтарды башкаруу инструменти (USSD-сурам, юобуштук кызматтар (IVR), SMS-билдирүү жана Интернет-тейлөө каражаттары боюнча), ал Абонентке учурдагы тарифтик планды туташуу үчүн ачык болгон башка тарифтик планга алмаштырууга, байланыш кызматтарынын шарттары менен кенен таанышууга, байланыш кызматтырын Оператордун жардамысыз кошууга/өзгөртүүгө/өчүрүүгө мүмкүндүк берет.

II бөлүм. Байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча келишимди түзүү жана бузуу тартиби жана шарттары

3- берене. Жалпы жоболор.

3.1. Абонентке техникалык талаптарга жооп берген абоненттик түзүлүшү болгон учурда жана Оператордун байланыш түйүнүнүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде иштеп жаткан SIM-картаны алган учурда гана байланыш кызматы көрсөтүлөт.
3.2. Абонент менен Оператордун ортосундагы Келишим чектелбеген мөөнөткө түзүлөт. Абоненттин каалоосуна жараша мөөнөттүүКелишим түзүлүшү мүмкүн. Мындай учурда Келишимдин мөөнөтү Келишимде көрсөтүлөт.
3.3. Келишим Абоненттин байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө эки нускадагы Келишимге кол коюусу менен түзүлөт.
3.4. Оператор Келишимге кол коюуда ыйгарым укуктуу жактын мөөрүн жана колун факсимилдик көчүрмөдө колдонууга укуктуу. Келишимдин бир нускасы Абонентке берилет.
3.5. Келишимге Тараптар кол койгон соң жана аны Оператордун толук укуктуу өкүлү – дилер, агент алган учурдан тартып юридикалык күчүнө кирет.
3.6. Оператордун түйүнүндө SIM-картаны активдештирип жана номердин категориясын тандагандан кийин Операторбайланыш кызматтарын көрсөтүүгө киришет.
3.7. Абонент байланыш кызматтарына төлөпгөн учурда да Келишимди каалаган учурда бузууга укуктуу.
3.8. Абоненттин роуминг кызматтарын пайдалангандыгы тууралуу маалыматтар Оператордо болсо, Абоненттин бир тараптуу Келишимди бузуусуна роуминг боюнча кошуп эсептөөдөн жана көрсөтүлгөн кызматтарга төлөөдөн кийин гана мүмкүн.
3.9. Келишимдин шарттарын аткаруудан бир тараптуу баш тартылган учурда, тактап айтканда, эгер кызматтарды пайдалануудан мажбурлап бөгөт койгон учурдан тартып тарифтик план менен аныкталган белгилүү бир мөөнөттүн ичинде Абонент карызын жойбосо жана/же өздүк эсебине акча каражатын салбаса, акча төлөнүүчү кызматтардан пайдаланбаса, келишим Абонент тарабынан бир жактуу бузулду деп эсептелет. Мындай учурда Абонент Оператордун алдындагы карыздарын жоюу милдетинен кутулбайт. Абоненттик номурду (номурларды) андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгү токтотулат.
3.10. Эгерде Абонентте бир нече номур болсо, алардын ар бири Келишимдин негизинде Оператор тарабынан өчүрүлүүгө толук мүмкүн. Абоненттин номурларын өчүргөн күндөн тартып Келишимдин күчү жокко чыгарылат.
3.11. Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдүүлүгүнө туура келбей калган башка учурларда да күчүн жоготушу мүмкүн.
3.12. Опепатор SIM-картанын абонентинин (чыныгы ээсинин) реквизиттери Оператордун маалымдар базасында көрсөтүлгөн реквизиттерге дал келбегенде, тагыраак айтканда, туура эмес реквизиттерди бергенде же ошол номерди мыйзамсыз алганда, Келишимди каалаган убакта бузууга укуктуу. (Абонент SIM-картаны алдамчылык жолу менен башка абоненттен алып, сатуу жана тейлөө кеңседен каттатып алышы мүмкүн же мыйзамсыз түрдө авторизациядан өтүп, чоочун номерди өз атына каттатып алышы мүмкүн).

4- берене. Абонент жөнүндө маалымат.

4.1. Келишим түзүүдө аны түзүүгө ниети бар жак маалыматтарды көрсөтөт, алардын аныктыгы төмөнкү документтер менен далилденет:
4.1.1. Юридикалык жактын кызыкчылыгы үчүн Келишимди түзүүгө ыйгарым укуктуу жак Операторго төмөнкү документтерди көрсөтөт:
а) келишим (уюштуруучунун чечими, ишеним кат ж. б.) түзүүгө ыйгарым укук берилген жакты тастыктоочу документ;
б) юридикалык жактын мамлекеттик каттоосу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
в) ыйгарым укук берилген адамдын документтеринин көчүрмөсү.

4.1.2. Жаран Операторго инсандыгын далилдеген документтерди көрсөтөт.
4.2. Абонент тарабынан Операторго көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда 4.1- пункттун жоболорунун талаптарына ылайык Абонент ушул өзгөрүүлөр күчүнө кирген күндөн тартып 10 (он) күндүн ичинде Операторго жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.
4.3. Ишеним кат бузулганда же Абоненттин Келишими боюнча операцияларды жасоого укук берген башка документтин иши токтотулган учурда Абонент бул тууралуу Операторго жазуу жүзүндө тез арада маалымдоого милдеттүү. Оператор ишеним каттын бузулушу же Абоненттин Келишими боюнча операцияларды жасоого укук берген башка документтин ишинин токтотулушу жөнүндө жазуу жүзүндөгү кабарды алган учурга чейин ыйгарым укуктуу өкүлдүн тапшырмаларын аткаруу боюнча Оператордун иш-аракети тиешелүү түрдө аткарылды деп эсептелет.

4.4. Абонент тарабынан берилген документтер конфиденциалдуу маалымат деп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тикеден тике көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо сырткары үчүнчү жактарга айтылбайт.

III бөлүм. Кызматтардын көлөмү, тизмеси жана сапаты

5- берене. Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси

5.1. Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси тарифтик план менен аныкталат.
5.2. Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү кошумча кызматтардын тизмеси Оператордун лицензиялары, үчүнчү жактар менен болгон келишимдер жана түйүндүн мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат.
5.3. Роуминг кызматтары Абонентке тарифтик план менен бекитилген шарттарда көрсөтүлөт. Абонент менен келишим түзбөгөн жана түйүндө Абонент Келишимде көрсөтүлгөн абоненттик номур менен уюлдук байланыш кызматтарын пайдаланган башка оператордун роуминг кызматтары көрсөтүлгөн учурда колдонулган тарифтер эсепке алынат.
5.4. Абонентке Оператордун Түйүнүнөн эл аралык багыттарга чыгып чалууга мүмкүнчүлүк берген эл аралык байланыш кызматтары Абоненттин тарифтик планы менен аныкталган шарттарда көрсөтүлөт.
5.5. Абонентке башка атайын кызматтарды көрсөтүү үчүн анын жабдуулары керектүү болгон атайын техникалык талаптарга ылайык болушу зарыл. Абонентке Оператор сунуш кылган кызматтарга Абоненттик түзүлүштүн ылайык келбегендиги үчүн Оператор жоопкерчилик тартпайт.
5.6. Абонент кээ бир кызматтарды өзгөртүүгө же алардан баш тартууга акылуу. Кызматтардан баш тартуу же өзгөртүү тизмесин Абонент Операторго техникалык жактан жеткиликтүү негизде же Оператор кабыл алган форманын негизинде жазуу жүзүндө кабарлоого тийиш.
5.7. Оператор Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын тизмесин ал кайрылган учурда маалымдоого милдеттүү.

6-берене. Абонентти идентештирүү (айкындоо)

6.1. Абонентти айкындоочу болуп: өздүктүгүн ырастаган документтер, Абоненттик номер, SIM-картанын номери жана Оператор тарабынан белгиленген шарттарга жараша өзүнчө же биргеликте колдонулуучу жашыруун сөз саналат.
6.2. Абоненттин идентештиргичтери Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси өзгөргөндө, маалыматтык-сурап билуу тейлөөсүндө, байланыш кызматтарына төлөөдө жана Оператор тарабынан каралган башка учурларда пайдаланылат.
6.3. Абонент тарабынан берилгендигин ырастаган жашыруун белги, сырбелги же башка жолдорду колдонуу менен Абонент электрондук каражаттар жана башка каражаттар аркылуу кызматтардын тизмесине төлөмдөрдү салууга жана өзгөртүү киргизүүгө укуктуу.
6.4. Абонент тарабынан берилгендигин ырастаган жашыруун белгилер, сырбелги электрондук жана башка каражаттараркылуу Абоненттин Операторго берилген сурамдары жана тапшырмалары, ошондой эле Абоненттин телефонограммалары Абонент жеке өзү берген маалымат катары юридикалык күчкө ээ.

7-берене. Кызматтардын сапаты

7.1. Оператор оңдоо жана алдын ала оңдоо иштери үчүн зарыл болгон тыныгуулардан, ошондой эле Түйүндүн иши токтотулгандан тышкары, Байланыш кызматтарын күнү-түнү тынымсыз көрсөтөт.
7.2. Оператор Абонентке алдын ала кабарлап, уюлдук байланыш түйүнүн модернизациялоо учурунда уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүүнү чектөө же токтотуу менен андагы техникалык жана/же Оператордун кызматтарын пайдалануу таасир эткен өзгөрүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.
7.3. Абонентке көрсөтүлүүчү уюлдук байланыш кызматтары радио толкундарын жайылтуунун табигый шарттарынан улам начарлашы, үзүлүшү же имараттардын жанында же ичинде, тоннелдерде, жертөлө жана башка жер алдындагы курулуштарда, рельефтин жана курулуштун жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнө, метеорологиялык шарттарга жана башка себептерге жараша тоскоолдуктар менен коштолушу мүмкүн.
7.4. Абонентке уюлдук байланыш кызматтары түйүндүн жөндүү өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу Оператордун компетенциясына кирбеген жергиликтүү байланыш операторлорунун жана эл аралык, шаар аралык байланыш операторлорунун зымдуу телефон линияларынын жана жабдууларынын сапатына көз каранды.
7.5. Абонент абоненттик түзүлүшкө берилген талаптарга ылайык келбеген, бузук же өндүрүүчүнү жана байланыш Оператору менен макулдашуусуз өзгөртүлгөн түзүлүштөр менен колдонуудан келип чыккан байланыш кызматтарынын сапаты төмөндөгөнү үчүн Оператор жооп бербейт.

IV бөлүм. Тараптардын эсептешүүлөрү

8-берене. Байланыш кызматынын тарифтери

8.1. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын баалары Оператор тарабынан түзүлөт жана тарифтик пландарда чагылдырылат.
Тарифтик пландардын тизмеси жана кошумча кызматтардын баасы атайын Оператордук прайс-бараста жана сайтта көрсөтүлөт. Тарифтер Оператордун түйүнүнүн иштөөсү кээ бир себептердин негизинде токтотулуп калуу мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен түзүлөт.
8.2. Оператор тарифке киргизилүүчү өзгөрүүлөр жөнүндө же кээ бир кызматтарды көрсөтүүдөн алууга чечим кабыл алынса, ал жөнүндө SMS кызматы аркылуу, официалдуу веб-сайт же массалык маалыматтык кызматтар аркылуу Абонентке 10 (он) күндөн аз эмес аралыгында кабарлоого милдеттүү.

8.3. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтарына төлөм телефондук туташтыруунун узактыгы, сурамдардын саны, байланыш кызматтарынын саны, тариф бирдигинин саны боюнча берилген (алынган) маалыматтын көлөмүнөн чыгып аныкталат.
8.4. Байланыш түйүнү аркылуу үндүү туташтыруу тарифинин бирдиги Оператор тарабынан аныкталат.
8.5. Оператордун байланыш түйүнү аркылуу туташтыруунун тарифи үчүн Абонент тандаган тарифтик планга карабастан төмөндөгү эреже белгиленет: туташтыруунун узактыгы чакырылуучу Абоненттин жообунун же Абоненттин жообуна тең келген жабдуунун 1 секундасынан баштап чалуучу же чакырылган Абонент тараптан сүйлөшүү бүткөн соң, же жабдуунун, туташтыруунун маалы бүткөн учурга чейин эсептелинет.
8.6. Чакырылуучу жактын жообуна тең болгон жооп белги катары телефондук туташтыруунун эсептөө башталышынын узактыгын текшерген Абоненттик түзүлүштөргө төмөндөгүлөр кирет:

а) маалыматтарды берүү аппараты (модем, SMS билдирүүлөр борбору, WAP-портал, үндүү почта терминалы ж. б.);

б) факсимилдик аппарат;

в) авто жооп бергич менен жабдуу болгон абоненттик түзүлүш, же номурду аныкгагыч менен жабдуу болгон телефон аппарат;

г) Абонент байланышта жок болууда аны алмаштырган жана маалымат менен алмашууну камсыз кылган башка абоненттик түзүлүштөр.

8.7. "Конференц-байланыш" же " чакырууну кутуу" кызматтарын колдонууда Абонент бардык башка катышуучулардын кеткен убактысын да өзү төлөөгө милдеттүү.
8.8. "Чакыруу дарегин алмаштыруу" кызматын пайдалануунда ошол кызматка коюлган номурдун чакыруусуна кеткен чыгымды Келишим боюнча Абонент төлөөгө тийиш.

9-берене. Кызматтарды төлөө.

9.1. Оператордун кызматтарына төлөм Абонент тарабынан төлөм картасынын жардамы менен, накталай төлөм же Оператордун эсебине чегерүү аркылуу жүргүзүлөт.
9.2. Төлөмдөрдү кабыл алуу Оператор же ал ыйгарым укук берген жак тарабынан жүргүзүлөт. Акча-каражаты төлөнгөн күндөн тарта кийинки күндөн кечикпей Абоненттин өздүк эсебинде болууга тийиштүү.
9.3. Көрсөтүлгөн кызматтар Оператор тарабынан кабыл алынган тариф бирдигин пайдалануу менен эсепке алынат. Бардык эсептер Кыргыз Республикасынын сому менен жүргүзүлөт.
9.4. Көрсөтүлгөн кызматтардын наркы боюнча пикир келишпестиктер пайда болгон учурда Тараптар Оператордун биллинг тутумунун маалыматтарынын негизинде эсептелинет.
9.5. Биллинг тутумунун эсепке алуу маалыматтары менен макул болбогон учурда Абонент бул жөнүндө Операторго көрсөтүлгөн кызматтардын накта көлөмүн тактоо талабы менен жазуу жүзүндө кайрылууга укуктуу. Абоненттин талабы Оператор тарабынан Келишим боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандай белгиленген тартипте жана мөөнөттө каралат.
9.6. Оператор Абоненттин кызматтарды пайдалануусу укугун пайдаланбаган учурда да Абонент көрсөтүлгөн кызматтарга төлөөдөн бошотулбайт.
9.7. Жаңы келишим түзүлгөн учурда же Абонент менен Оператор ортосунда бир нече келишим түзүлсө, Оператор мындай келишимдердин (өздүк эсептердин) бири боюнча Абоненттен түшкөн төлөмдөрдү Абоненттин башка келишим боюнча пайда болгон карызын жабууга Абонентти алдын ала кабарлабастан каражатты которууга (кошуп эсептөөгө) укуктуу.

10-берене. Байланыш кызматтарынын төлөм карталары.

10.1. Төлөм карталарын активдештиргенде Абонент карта номиналынын жана тарифтин көлөмүнө барабар байланыш кызматтарын алуу укугуна ээ болот.
10.2. Төлөм картасы байланыш кызматтарына төлөм жөнүндө, Операторго жеткирүү үчүн пайдаланылган белгилүү бир жол жана жашыруун сөз аркылуу бекитилген маалыматтарды камтыйт. Картада төмөнкү маалыматтар болууга тийиш:

а) Оператордун аталышы;

б) Төлөм картасы тастыктаган Операторго төлөнүүчү төлөмдүн көлөмү;

в) Оператордун сурап-билүүчү байланыш телефон номурлары;

г) Картаны колдонуунун эрежелери;

д) Картанын айкындоочу номуру.

10.3. Абонент төлөм картасында көрсөтүлгөн иштөө мөөнөтүнүн ичинде төлөм картасын активдештирүүгө милдеттүү. Иштөө мөөнөтү аяктаганда аны активдештирүүгө мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылат.
10.4. Абонент Төлөм картасынын туура пайдаланылышына жоопкерчилик тартат. Абонент төлөм картасын бузган (төлөм картанын PIN-кодунун сандары өчүрүлгөн) учурда төлөм картасы кайра калыбына келтирилбейт.

11-берене. Эсеп-фактурасы.

11.1. Оператор Абоненттин, байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим түзгөн юридикалык жактын талабы боюнча эсеп мезгили үчүн көрсөтүлгөн кызматтардын суммасына эсеп-фактураны көрсөтөт.
11.2. Роумингдеги абоненттин чалуулары жөнүндө маалыматтар оператор тарабынан Роуминг - өнөгү менен түзүлөт. Эл аралык роуминг боюнча акылдашуунун жоболоруна ылайык абоненттин роумингдеги чалуулары жөнүндө маалыматтар абонент-роумердин акыркы тарифтелген окуясынан тартып 30 календардык күндүн ичинде роуминг-өнөктөрү тарабынан түзүлөт жана берилет. Ушуга байланыштуу, Оператор роумингдеги акыркы тарифтелген окуядан тартып 90 календардык күндүн ичинде роуминг боюнча эсептөө укугун өзүнө калтырат.

V Бөлүм. Тараптардын укуктары жана милдеттери

12-берене. Абоненттин укуктары

12.1. Абонент төмөнкүлөргө укуктуу:

а) Оператор, анын иштөө убактысы, көрсөтүлүүчү байланыш кызматтары жөнүндө зарыл жана ишенимдүү маалымат алууга;
б) Электрондук жана башка каражаттар аркылуу сырбелгилер, жашыруун белгилер жана Абонент тарабынан берилгендигин тастыктаган башка каражаттарды пайдалануу менен кызматтардын тобуна төлөм жана өзгөртүү киргизүүгө;
в) Оператор көрсөткөн кызматтарга тиешеси бар сунуштар жана талаптар менен Операторго кайрылууга.

12.2. Абонент Оператордун байланыш кызматтарын көрсөтүүгө белгилүү бир мөөнөткө бөгөт коюу жөнүндө арыз менен Операторго кайрылууга укуктуу. Байланыш кызматтарын көрсөтүүгө бөгөт коюунун минималдуу жана максималдуу мөөнөтү Оператор тарабынан чектелиши мумкун. Абоненттин номуруна утурумдук бөгөт коюу кызматы акы төлөө негизинде Оператор тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.
12.3. Абонент кээ бир кызматтардан баш тартып, Оператордон бөгөт коюп коюусун сурануууга акылуу.
12.4. Абонент бардык төлөмдөрдү убагында төлөө менен кызматтардан толук баш тартып, Келишимди бузуп кетүүгө укуктуу.
12.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде башка укуктарды колдонууга укуктуу.
12.6. Абонент, эгер колдонуудагы мыйзамдарда жол берилген болсо, Операторго жазуу түрүндө же Оператор тарабанын көрсөтүлгөн формада кабарлоо менен, анын ичинде абоненттин өзүнүн түзүлүшүндөгү клавиатурадан Оператор тарабынан аныкталган коддордун, жашыруун сөздөрдүн ж.б. айкалыштарын USSD-сурам, SMS-билдирүү аркылуу, Оператордун добуштук кызматтарын жана/же Интернет-тейлөөнү колдонуу менен, же алардын тизмеги жана тартиби Оператор тарабынан аныкталуучу жана Абонентке буйрук берилгендин тастыктаган башка конклюденттик кыймыл-аракеттерди аткаруу менен (бул Абоненттин жазуу түрүндөгү арызына тең келет), алар тандаган тарифтик планды туташтыруу үчүн ачык болгон башка тарифтик планга алмаштырууга, байланыш кызматтарын кошууга, өзгөртүүгө же өчүрүүгө, же аларды алуудан баш тартууга, көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарынын/Келишимдин башка шарттарынын параметрлерин өзгөртүү боюнча башка кыймыл-аракеттерди жасоого укуктуу.

13-берене. Абоненттин милдеттери.

13.1. Абонент төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

а) Келишимдин талаптарын аткарууга;
б) Оператордун бардык абоненттик бөлүмүнө же Оператордун расмий дилерине кайрылып, SIM-картаны активдештирүүдөн

мурда үюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимди түзүүгө. Коюлган талаптар аткарылбаган учурда, оператор бир тараптуу келишимди жоюуга жана SIM-картаны иштен чыгарууга укуктуу.

в) Толук көлөмдө жана Келишим менен аныкталган мөөнөттө тарифтик план менен кыймылдуу байланыш кызматтарына төлөөгө;
г) Түйүнгө туташтыруу үчүн эл аралык үлгүлөргө жооп берген тиешелүү сапаттагы Абоненттик түзүлүштү пайдалануу;
д) Өздук эсебинде өчүрүү ирегесинен ашык сумманы кармап турууга, эгер ал Абоненттин тарифтик планы менен каралса;
е) Оператордун кызматтарына алдын ала төлөө жана байланыш кызматтарына карыз пайда болгон учурда аны өз убагында жабууга;
ж) Келишимде көрсөтүлгөн жана Оператор өз милдеттерин талаптагыдай аткаруу үчүн зарыл болгон ишенимдүү маалыматтарды Операторго билдирүүгө;

13.2. Абонентке кийинки окуялар жөнүндө белгилүү болгондо, оозеки жана 3 (үч) календардык күндүн ичинде Операторго кат түрүндө тез арада билдирүүгө:

а) инсандыгын далилдеген документтин уурдалышы же жоголушу жөнүндө, эгер Абонент жеке жак болсо - жашыруун белги (код) үчүнчү жакка белгилүү болгон учурлар жөнүндө;

б) SIM-картанын жоголушу же уурдалышы жөнүндө. Оператор жоголгондугу жөнүндө кат түрүндө билдирүү жиберген учурга чейин Абонент Келишимде каралган милдеттерди аткарууга жана жоопкерчилик тартууга милдеттүү;

в) кудуретсиздик жол-жобосунун башталышы, кабыл алынган чечим же Абоненттин юридикалык жак катары өз ыктыяры менен жоюлушу жөнүндө кабарлоо;

г) Операторго берилген өзү жөнүндө маалымат өзгөргөн болсо;

д) Келишимди аткарууга жолтоо болгон башка кырдаалдар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.

13.3. Оператордун түйүнүндө маалыматты жашыруун алуу үчүн арналган атайын техникалык каражаттарды пайдалануу болбойт.
13.4. Оператор тарабынан берилген Интернет тармагынан жана башка маалымат булактарынан түйүн үчүн зыян алып келе турган материалдарды колдонууга болбойт.
13.5. Оператор менен жазуу түрүндө келишимсиз байланыш тармагы аркылуу кандайдыр бир жарнама кампанияларын, конкурстарды, концерт, массалык түрдө жөнөтүүлөрдү жана сурамжылоолорду уюштурууга, Интернет-телефония, башка байланыш операторлордун түйүнүндөрүнө кирүү мүмкүнчүлүгүн алууга шлюздарды орнотууга тыюу салынат.
13.6. SIM-картаны же SIM-карта талап кылынбаган башка абоненттик терминалдарды башка бир абонентке уруксатсыз берген учурда 10 (он) календардык күндүн ичинде ошол адамдын атына каттоо жүргүзүүсү зарыл.

14-берене. Оператордун укуктары

Оператор төмөнкүлөргө укуктуу:

14.1. Абонент төлөмдү кечиктирген учурда Овердрафт кызматын көрсөтүүдө Абонентти алдын ала маалымдабай, өз алдынча Абоненттин эсеп номурунан Келишимдин негизинде төлөм алууга;
14.2. Абоненттин төлөө ирегесине жеткен абалда кызмат көрсөтүүдө жарым же толук түрдө байланыш кызматын үзүүгө;
14.3. Абонентке кызматтарды көрсөтүүдө төлөө ирегесин жана терс баланстын суммасын өз алдынча орнотууга укутуу.
Төлөө ирегеси ар кандай байланыш кызматтарына ар кандай коюлушу мүмкүн;
14.4. Абонентти алдын ала эскертүү менен байланыш түйүнүнүн сапатын жакшыртуу максатында байланышты убактылуу үзүүгө;
14.5. Алдын ала эскертүү менен шартка ылайык Абоненттик номурду бир тараптуу өзгөртүүгө;
14.6. Байланыш сапатын жакшыртуу максатында, аныкталган убакытка же\жана аныкталган убакыт аралыгында, баардык тарифтердеги, абоненттерге камсыз кылынуучу байланыш кызматтары өчүрүүгө же\жана чектөөгө, Оператор өз кароосу менен атайын жеңилдетилген (акция, арзандатуу ж. б.) тарифтештирүүдөгү байланыш кызматтарын камсыздоону токтотууга жана колдонуп жаткан тейлөөлөргө Абоненттин тарифтик планынын шарттары боюнча стандарттык тарифтештирүүнү колдонууга, же\жана Абонентти Оператордун тармагынан өчүрүүгө укугу бар. Жогорудагы шарттар
Оператор тарабынан камсыздалган Абоненттер колдонгон баардык тарифтик пландарга жана кызматтарга жайылат. Ар бир кызматтын шарттарынын өзгөрүүсү жана чектелүүсүү тууралуу Оператор абоненттерди ММКда жана Оператордун сайтында маалымдоого укуктуу;
14.7. Эгер Абонент Операторго же/жана үчүнчү жакка, башка абоненттерге зыян келтирип, Оператордун байланыш кызматтары аркылуу төлөм карталарын жашыруун белгилерди ылгоолоп бир нече жолу активдештирип же/жана Оператордун макулдашуусусуз Абоненттик номерди өзүн же үчүнчү жакты мыйзамсыз түрдө байытуу максатында колдонсо же болбосо лотерея, конкурс, жарнама,сурамжылоо, массалык добуш берүүнү өткөзүү, ошондой эле Интернет-телефонияга,
түйүн ичиндеги трафикке кирүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн шлюздарды орнотууга жана Оператордун башка жабдууларын жана байланыш түзүлүштөрүн жарамдуулугун жана Келишимдин башка шарттарын бузууга алып келген аракеттерди байкаса, Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын кайсы бирин же баарын өчүрүп салууга, арзандатылган же жеңилдетилген кызматтарды алып салууга же стандартка ылайык башка тарифке которууга укутуу;
14.8. Келишимдин 14.7.п. айтылган аракеттери боюнча Абонентке шек келген учурда Оператор алдын ала билдирүүсүз Абонентти бөгөккө салууга укутуу;
14.9. Эгерде Абонент Оператордун милдетине кирбеген кыймыл аракеттерди талап кылып бир нече чакырууларды аткарса, одоно сөздөр менен мекеменин кызматкерлеринин аброюна шек келтирсе, этикалык нормаларды бузган себепсиз чалууларды жургузсө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Оператордун кызматтарды ченеп салууга же маалымат-сурап билүү кызматына кайрылуусун чектөө укугуна Абонент макулдугун берет. Ушундай көп жолу кайталанган
кырдаалдарда Оператор кызмат көрсөтүүнү токтотуп, SIM-картаны деактивациялоого укуктуу. Эгер Абонент мыйзамсыз аракеттерди жүргүзүү максатында Келишимдин шарттарын бузуп же өтө шашылыш кайрылуучу оперативдүү кызматтарга жалган чалууларды аткарып, же телефондук/абоненттик номерлерге чалууларды/жөнөтмөлөрдү жиберип же башка аракеттерди аткарса, Оператор Абоненттин Абоненттик номерге алдын ала маалымдабай көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн чектеп же таптакыр кызматтарды көрсөтүүнү токтотууга укуктуу.

14.10. Эгерде Абонент адамдардын ден-соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч алып келүү максатында иш аракеттерди жасаса, мамлекеттин коопсуздугуна шек келтирген учурда Оператордун бир тарап жактан кызматтарды көрсөтүүнү чектөө укугуна жана табигый, географиялык, физикалык, техникалык жана башка тоскоолдуктар пайда болууда кызматтарды көрсөтүү токтотулганы боюнча маалыматка Абонент макулдугун берет. Эгер Абонент байланыш жабдууларын же кызматтарын мыйзамсыз колдонсо, эгер Абонент кызматтарды көрсөтүү шарттарын же байланыш түйүнүнүн иштөөсүнө кыйроо алып келген байланыш түзүлүштөрдү колдонуу эрежелерин бир нече жолу бузса, Абонент Келишимде жазылган кызматтарды көрсөтүү шарттары менен макул эмесетигин билдирет.
14.11. Абонент 180 (жүз сексен) календардык күндүн ичинде өздүк эсебиндеги балансты бир дагы жолу балансты толуктабаса жана SIM-картадан чалуулар жок болсо же 90 (токсон) календардык күндөн ашык мөөнөттө карызы төлөнбөсө, Оператор SIM-картаны деактивациялоого жана Келишимди бузууга укуктуу;
14.12. Келишим бузулганда жана Абоненттин өздүк эсебинде акча каражаты бар болгондо, эгер Абонент акча каражаттарын кайтарып алуу укутарын пайдаланып калбаса (ушул Келишимдин 15-беренесинин 15.8 пункту), Абоненттин өздүк эсебинде калган суммадан Оператор Абоненттин номерин сактап калуу үчүн бардык салыктарды эске алуу менен күнүнө 20 сомдон акы алат. Абоненттин өздүк эсебинде калдык 0 (нөл) сомду түзгөндө же кызматтарды пайдалануу калыбына келтирген (тарифтештирилген учур же өздүк эсептин Балансын толтуруу) учурдан тартып акыларды алуу токтотулат. Оператор тарабынан Абоненттин өздүк эсебине эсептелген сыйлоо акча каражаттары (баллдар, белектер, бонустар ж.б.), ошондой эле Абоненттин укуктарга каршы келген кыймыл-аракеттеринин натыйжасында келип түшкөн суммалар эч кандай кырдаалда кайтарылбайт.
14.13. Эгер Абонент-юридикалык жактын (корпоративдик кардардын) активдештирилбеген SIM–карталары бар болсо, Оператор мурунку алынган SIM–карталарды активдештирилмейинче жаңы SIM–карталарды алуу менен корпоративдик топту кийинки кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн жоёт. Юридикалык жак Оператор менен түзүлгөн Келишимге ылайык Абоненттерди каттоону жүргүзүүгө укуктуу;
14.14. Оператор Абонентке peer–to–peer (p2p) (башкача айтканда торрент-трекерлерди колдонуу, же катышуучулардын бири бирине билдирмелерди жөнөтүү үчүн түздөн түз туташуу аркылуу) принципиндеги Интернет түйүнүндөгү билдирмелерди жиберүү кызматын колдонуу мүмкүнчүлүгүн токтотууга же чектөө коюуга укутуу;
14.15. Оператор Абоненттин приоритетин, түйүндүн жүктөлүүсүнүн, түйүндүн жүгү көбөйүп турган учурда трафиктин кайсы бир түрлөрүнүн приоритетин жана Абоненттин кайсы бир трафикти колдонуп жатканын эске алуу менен автоматтуу түрдө иштеген трафиктин приоретизациялоо өзгөчө системасын колдонууга жана Абонент тейленген негизги станцияга күч келип жаткан учурда, түйүн өтө көп жүктөлгөн убактында трафиктин ылдамдыгын төмөндөтүүгө укуктуу;
14.16. Ушул Шарттарда жана Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарын колдонууга укуктуу.

15-Берене. Оператордун милдеттери

Оператор төмөнкүлөргө милдеттүү:

15.1. Операторго лицензия берилген жана анда каралган лицензиялык шарттарга ылайык Абонентке телефон байланыш кызматтарын көрсөтүүгө, ошондой эле үчүнчү жактар менен түзүлгөн келишимге ылайык аларга кызмат көрсөтүүгө;
15.2. Кызматтарды көрсөтүү шарттары, Оператордун учурдагы тарифтери, Оператордун бардык кызматтарынын баяндалышы жана Оператордун кызматтары менен байланышкан Абонент же башка жак алууга укуктуу болгон башка маалыматтар жөнүндө зарыл жана ишенимдүү маалыматтарды Абонентке берүүгө;
15.3. Абонентке акысыз жана күнү-түнү төмөндөгү маалыматтык сурап билуу кызматтарын көрсөтүүгө:

а) байланыш кызматтарынын тизмеси жана наркы, түйүндүн тейлөө аймагы жөнүндө маалымат берүүгө;

б) абоненттин өздүк эсебинин абалы жөнүндө жана Байланыш кызматтарына төлөм боюнча карызы жөнүндө маалымат берүүгө;

в) байланыш кызматтарын пайдалануунга жолтоо болгон техникалык бузулуу жөнүндө маалыматты Абоненттен алууга;

г) абоненттик түзүлүштүн телематикалык кызмат байланышын алуу жөнүндө маалымат берүүгө;д) акы төлөнүүчү жана акысыз маалымат берүүчү кызматтар жөнүндө маалымат берүүгө;

е) Оператордун реквизиттери, иштөө режими жана кеңселери жөнүндө маалымат берүүгө;

ж) Абоненттик түзүлүштүн Оператордун байланыш түйүнүндө колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүүгө.

15.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бул милдетти чектеген учурлардан тышкары телефон сүйлөшүүлөрүнүн сырын сактоого;
15.5. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка жагдайлар каралбаса, Абоненттерге жана алардын ыйгарымдуу өкүлдөрүнө гана телефон сүйлөшүүлөрү жана билдирүүлөрү туурасында маалымат берүүгө;
15.6. Абонентке чалууларды аткарса да, аткарбаса да Келишимде жана прайс-баракта көрсөтүлгөн гана кызматтарды аткарууга;
15.7. Мамлекет тарабынан кызмат көрсөтүүгө тыюу салынган түзүлүш ээлерине байланыш кызматын аткарбоого;
15.8. Абоненттин өздүк эсебинде акча каражаты болсо SIM-карталары деактивацияланганда жана Келишим бузулганда 15 календардык күн ичинде Абонентке акча каражатын кайтарып берүүгө;
15.9. Келишимдин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка талаптарын аткарууга.

VI бөлүм. Башка шарттар

16-берене. Келишимди аткаруу жана токтотуу тартиби

16.1. Абонент байланыш Оператору менен бардык төлөмдөрдү эсептешүү аркылуу Арыз берип, каалаган учурда Келишимдин мындан аркы иштөөсүн токтотууга укуктуу.
16.2. Келишимди бузуу убагына чейин пайдаланылып, бирок төлөм эсебин жаба элек кызматтардан сырткары Келишимди аткаруудан баш тартууда эки тараптын милдеттери токтотулат. Көрсөтүлгөн кызматтардын төлөмүн эсептешүүдөн кийин Абоненттин өздүк эсебинде калган ашыкча каражат кайра кайтарылып берилет.
16.3. Төмөнкү шарттар Абонент тарабынан бир тараптуу Келишим бузуу болуп эсептелинет:

а) өздүк эсепте каражат түгөнгөндөн баштап 180 күн баланс толукталбаса;

б) 180 күн ичинде Абоненттин SIM-картасынан бир дагы чакыруу жөнөтүлбөсө;

в) Абонентке көрсөтүлгөн кызматтын акысы 90 календардык күн ичинде төлөнбөсө;

г) Эгер абонентке көрсөтүлгөн тарифтик план жоюлуп, 30 күн ичинде Абонент башка тарифтик планга өтпөсө;

д) Абонент Келишимде жазылган тарифтик план ичинде акы төлөнүүчү кызматтардан колдонбосо.

16.4. Абонентке көрсөтүлгөн кызматтар токтотулган учурда (ошол эле учурда Абонент өз ыктыяры менен кызматтардан баш тарткан болсо), абонентке кызмат көрсөтүүнү кайра жаңыртуу мүмкүнчүлүгү 180 күн ичинде төлөм акыны жаңылоо жолу менен сакталат.
16.5. Келишимди аткарууну токтотуу айрым белгилүү учурларда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде да ишке ашырылат.

17-берене. Абоненттин жоопкерчилиги

17.1. Абонент келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Оператордун алдында төмөндөгү учурларда жоопкерчиликке тартылат:

а) Байланыш кызматына толук эмес же өз убагында төлөбөгөндө;

б) Оператордун Түйүнүндө маалыматты жашыруун алуу үчүн арналган атайын техникалык каражаттарды пайдаланганда, ошондой эле мыйзамга ылайыксыз сапаты талапка жооп бербеген түзүлүштөрдү колдонгондо;в) Келишимде жазуу түрүндө көрсөтүлбөгөн, Оператордун макулдугусуз жасалган аракеттер: массалык түрдө смс билдирүүлөрдү жайылтуу, лотерея оюндарын уюштуруу, викторина, конкурстарды өткөрүү, сурамжылоолорду аткаруу,

Интернет булактарынан мыйзамсыз маалымат таркатуу боюнча тыюу салууларды бузуу;

г) Абонент Келишимдин 13.2.пунктунда көрсөтүлбөгөн шартты сактабаганда, жоголгон SIM-картаны пайдалануу боюнча жазуу жүзүндө маалымат алмайынча, Оператордун кызмат акыларын төлөп берүүгө;

д) Атайын техникалык каражаттардын жардамы менен Оператордун байланыш түйүнүнөн алынган мыйзамсыз маалыматтар үчүн Оператор кеткен чыгымдарды кайтарып алуу максатында сот органдарына кайрылууга укуктуу;

17.2. Оператор байланыш кызматтарына толук эмес же өз убагында төлөнбөгөн, толук эмес көлөмдө төлөнгөн же карызды жойгонго чейин ар бир узартылган күн үчүн төлөнүүчү суммадан ашырбастан, өз убагында эмес төлөнгөн кызматтардын наркынын 1 (бир) пайыз өлчөмүндөгү үстөк айыпты Абоненттен доолап алууга укуктуу;
17.3. Башка учурларда жана Келишимде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте.

18-берене. Оператордун жоопкерчилиги

18.1. Оператор келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Абоненттин алдында төмөндөгү учурларда жоопкерчилик тартат:

а) Байланыш түйүнүн пайдалануну камсыз кылуу мөөнөтүн бузганда;

б) Байланыш кызматтарын көрсөтүү менен байланышкан маалыматты толук эмес же өз убагында бербегенде;

в) Келишимди аткарууда Операторго белгилүү болгон Абонент жөнүндө маалыматтарды жайылтууну чектөө боюнча талаптарды бузганда;

г) Телефон сүйлөшүүлөрүнүн сырын ачканда.

18.2. Оператор Келишимге ылайык милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн төмөндөгүдөй жоопкерчилик тартат:

а) Абоненттин талабы боюнча байланыш кызматынын кемчиликтерин жоёт;

б) Абоненттин талабы боюнча Оператор тарабынан келтирилген зыянын, телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн сыры ачылган учурларда, келишимди аткарууда ага белгилүү болгон Абонент жөнүндө маалыматтарды жайылтууну чектөө жөнүндө талаптар бузулган учурда моралдык зыяндын ордун жабат.

18.3. Оператор Келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн төмөндөгү учурларда жоопкерчиликтен бошотулат:

а) Колдон келбес жагдайлар (иш таштоо, митинг, өзгөчө кырдаал, мамлекеттик органдардын чечимдери, табигый кырсыктар, атап айтканда, жер титирөө, катуу бороон, суу ташкыны ж.б.у.с.);

б) Абоненттин же үчүнчү жактын күнөөсү боюнча (анын ичинде Абоненттин телефонунун иштешинде кемчиликтер табылганда);

в) Эгер байланыштын жоктугу же талаптагыдай эмес сапатта болушу башка операторлордун, анын ичинде роуминг-өнөктөрүнүн түйүндөрүндөгү аракеттерден же Оператордун кызматтарын үчүнчү жактын кызматтары менен бириктирүүдөн улам болгондо;

г) Үчүнчү тараптын иш алып баруусунда Интернет тармагында өзүнчө түйүндүн алсыздыгы же ресурстун жетишсиздиги;

д) Келишимдин 7.3, 7.4-п. көрсөтүлгөн учурларда жана аларга кошумча: сыноо процесси, монтаж, тиешелүү оңдоо жана алдын ала иштерин жүргүзүү, жабдуунун заводдогу кемчиликтерин табуу, кандайдыр бир топографиялык, физикалык же башка табигый тоскоолдуктардан улам кызмат көрсөтүүнүн мүмкүн эместигинде.

18.4. Абонент тарабынан Келишимдин 4-пунктунун 4.4 шарттары сакталбаган учурда Оператордун кабарламаларын, билдирүүлөрүн, башка бардык корреспонденциясын Абонент албагандыгы үчүн Оператор жоопкерчилик тартпайт.

19-берене. Талап жана доо коюу тартиби

19.1. Абоненттин талаптары Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралат.
19.2. Байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча милдеттерин аткарбаганда же талаптагыдай эмес аткарганда Абонент сотко кайрылганга чейин Операторго талабын көрсөтүүгө милдеттүү (талаш-тартыштын сотко чейин алдын ала чечилиши).
19.3. Талап жазуу түрүндө берилет жана Оператор тарабынан белгиленген тартипте катталууга тийиш.
19.4. Байланыш кызматтарын көрсөтүү, Келишимдеги милдеттерди өз убагында эмес же талаптагыдай эмес аткаруу менен байланышкан талаптар байланыш кызматтары көрсөтүлгөн күндөн тартып 3 (алты) айдын ичинде берилүүгө тийиш.
19.5. Талапка келишимдин көчүрмөсү, ошондой эле кароо үчүн керектүү башка документтер тиркелет, аларда Келишим боюнча милдеттерди аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу жөнүндө маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.
19.6. Талап Оператор тарабынан катталган күндөн тартып 60 (алтымыш) календардык күндөн ашпаган мөөнөттө каралат.
19.7. Талапты кароонун жыйынтыктары жөнүндө Оператор жазуу түрүндө аны койгон Абонентке билдирүүгө тийиш.
19.8. Эгер талап Оператор тарабынан негиздүү деп табылса, табылган кемчиликгер ылайыктуу мөөнөттө жоюлууга тийиш.
19.9. Талапты толук же жарым жартылай кабыл алганда, же болбосо аны кароо үчүн белгиленген мөөнөттө жоопту албаганда Абонент сотко доо менен кайрылууга укуктуу. Оператор менен Абоненттин ортосундагы бардык талаш-тартыштардын аймактык соттун текшерүүсүндө болушу КР ЖПК 32-беренесине ылайык Оператор жайгашкан жерде аныкталат.
19.10. Абонент нааразычылыгын Оператордун Нааразычылыктар жана Сунуштар Китебине калтырганга укуктуу.
Абоненттин нааразычылыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде каралат.

20-берене. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

20.1. Оператор Келишимдин мазмунуна кошумчаларды жана толуктоолорду киргизгенге укутуу. Бул тууралуу Оператор кызмат көрсөтүүчү аймактарда басма булактарында атайын чыгарылган маалымдоолор болушу зарыл. Мындан сырткары Операторго киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө расмий сайтта, атайын дилердик кеңселерде, SMS кызматы жана башка жеткиликтүү ыкмалар аркылуу билдирүүгө болот.
20.2. Эгерде Абонент өзгөрүүлөр киргизүүнү кабыл албоо боюнча Оператордун дарегине жазуу жүзүндө 10 күндүн ичинде Операторго билдирүү жөнөтпөсө, бул өзгөртүүлөр киргизилген жана Абонент тарабынан кабыл алынган болуп эсептелет. Ошондой эле, эгерде өзгөртүүлөр күчүнө кирген мезгилде байланыш кызматын пайдаланганды улантса, бул өзгөртүүлөр Абонент тарабынан кабыл алынгандыгы анык болуп саналат.